## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Исабеков И.Н., Качкынчиева А.Ж.*

# КҮЛБӨСКАН – ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ ТАРЫХЫЙ ИНСАН

*Исабеков И.Н., Качкынчиева А.Ж.*

# КУЛБОСКАН – ИСТОРИЧЕСКАЯ ЛИЧНОСТЬ СРЕДНЕВЕКОВЬЯ

*I.N. Isabekov, A.J. Kachkynchieva*

# KULBOSKAN – TOPONIMIC RHYMES OF THE CHATKAL VALLEY

*УДК: 801:930.005*

*Макала орто кылымдардагы тарыхый инсан Күлбөсканды иликтөөгө арналат. Анткени, Күлбөскандын ордосу кыргыз элинин рухий жана материалдык байлыгы болуп эсептелет. XVI кылымда тажик тилинде жазылган молдо Сайф-ад-дин Аксыкенттин "Тарыхтар жыйнагы" деген эмгегинде Жадгалда үч шаар болгонун айткан. Күлбөскандын ордосун 1950-жылы тарыхчы-археолог А.А. Кибиров тарабынан иликтенген. Орто кылымдарда эл аралык кырдаал өзгөрүп, каракидандарды жүрчүндөр Түндүк Чыгыш Кытайдан талкалап, кууп чыккан. Кара кидандар Орто Азияга чегинип, Баласагынды басып алган. Түндүк Кыргызстанга, ошол эле учурда Чаткал өрөөнүнө да кара кытайларды гана бийликке койгон. Кийин кара кытайлар кыргыздарга сиңип кеткен. Бирок, каракытай деген атын башка түрк элдеринин курамында уруу катары сактап калган. Андыктан, Күлбөскан сол канаттагы азыркы кытай уругу урпагы болуп эсептелет.*

***Негизги сөздөр:** Кидан, этимология, Күлбөскан, тарых, топоним, миң токум, тарыхый инсан.*

*Статья посвящена изучению исторической личностью Кулбоскана, так как ордо Кулбоскана является для кыргызского народа духовным и материальным богатством. В XVI веке на таджикском языке о трех ордах Жадгала писал Сайф-ад-дин Аксыкент в своем труде "Сборнике историй". Ордо Кулбоскана в 1950 г. был исследован археологом А.А. Кибировым. В средние века на международной арене прозошло изменение и Журчуны разгромили киданей и вытеснили их из северо-восточного Китая. Кидани отступили в Среднюю Азию и завоевали Баласагын. Поэтому в Северном Кыргызстане, в том числе Чаткальской долине к власти пришли только кидани. Впоследствии, кара китаи утратили свои национальную идентичность и ассимилировались среди населения Кыргызстана. Однако, их потомки сохранили свое самоназвание кара-кытай в составе тюркского народа Кулбоскан является потомком племени китаев левого крыла.*

***Ключевые слова:** Кидан, этимология, Кулбоскан, история, топоним, тысячи пород, историческая личность.*

*The article is devoted to the study of the historical personality of Kulboskan, since the ordo of Kulboskan is for the Kyrgyz people spiritual and material wealth. In the 16th century, in Tajik, the three hordes of Zhadgala were written by Saif-ad-din Aksykent in his work "The Collection of Stories". In 1950, the archeologist A.A. Kibirov investigated Ordo Kulboskan. In the middle Ages, a change took place in the international arena and Zhrrchүyny defeated the Khitan and ousted them from northeastern China. The Khitan retreated to Central Asia and conquered Balasagyn. Therefore, in the northern Kyrgyzstan, including the Chatkal valley, only the Khitan came to power. Subsequently, the Kara China lost their national identity and were assimilated among the population of Kyrgyzstan. However, their descendants retained their self-name Kara-Kytai as part of the Turkic people. Kulboskan is a descendant of the tribe of the Chinese left wing.*

***Key words:** Kidani, etymology, Kulboskan, history, place names, thousands of rocks, a historical figure.*

Ар бир элдин өткөн тарыхы жана өзүнө тиешелүү маданияты болот. Тарых элдин байыркы доорлордон берки баскан жолун, өткөн жашоо тиричилигин баяндаса, маданият ошол элдин рухий жана материалдык байлыгынан кабар берет.

Ошондой материалдык жана рухий маданияттан кабар берген асыл мурастар-бул Чаткал өрөөнүндөгү тарыхый эстеликтер. Мындай рухий улуу кенч болуп орто кылымдардагы Күлбөсхандын ордосу эсептелинет.

Мындан тышкары, Жанчархан жана Уубулак ордолору да Чаткал өрөөнүндө жайгашкан. Бирок, биздин максаторто кылымдардагы тарыхый инсан Күл-

бөсхандын дооруна талдоо жүргүзүү. Анткени, Күлбөсхандын ордосу X-XII кылымдарга таандык тарыхый топоним.

Өрөөндөгү ордолор боюнча XVI кылымда тажик тилинде жазылган молдо Сайф-ад-дин Аксикенттин (түбү-теги кыргыз) «Мажму-атут-Таварих» (Тарыхтардын жыйнагы) деген эмгегинде Жадгалда үч шаар болгондугу тууралуу айтылат. Кийинки археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй Күлбөсхан (орто кылымдардагы Ардланкет), Убулак, Жанчархан ордолору экендиги далилденген [5, 4].

Андыктан, Күлбөсхан ким болгон деген суроо кыргыз тарыхчыларын, биринчи кезекте Чаткал өрөөнүнүн тургундарын кызыктырбай койбойт.

Орто кылымдарда эл аралык кырдаал өзгөрүп, Елуй Дашы (Жолой) жетектеген “кара кытайлар (кидандар) – Түндүк Чыгыш Кытайдагы (907-1125-жж.) Ляо мамлекетин түптөгөн көчмөн эл, Чжүрчжендердин соккусу астында кулагандан кийин кара кидандардын (кара кытайлар) басымдуу бөлүгү Орто Азияны көздөй чегинишкен. Орто Азияда Баласагындагы Карахандардын бийлигин кулатып, Елуй Дашы өзүнүн бийлигин орноткон.

А.Н. Бернштамдын пикири боюнча “Кара-китаи или кидани – народ тунгусо-манчжурского происхождения, появились вблизи территории Киргизстана еще 10-17-18 гг., но были отгнаны караханидским государем Туга-ханом. В начале XII века (1125 г.) они вновь появляются в Киргизстане, где образуют новую династию, тан называемый западных Ляо, с центром в городе Баласагуне. Основатель этой династии Елюй-даши уже в 1128г. вступил в сражение с караханидами, хотя и потерпел от них поражение. В 1141г. кидани разбивают войска и овладевают государством караханидов. Легкость, с которой кара-китаи завоевывают караханидское государство, объясняется, в частности тем, что в государстве караханидов жила значительная часть кара-китаев. Во всяком случае имеются сообщения, что еще в 1014 г.часть кара-китаи переселились во владения Арслан-хана и, хотя отказались принять ислам, но все же выразили полное подчинение и повиновение караханидам. Восстание кара-китаев Семиреченских во время нашествия их соплеменников в 1141г. и повлияло на успех каракитайского завоевания XII века” деген оюн билдирген [1, 123].

Ушул маселе боюнча “История киргизской ССР” деген китептин 300-бетинде “Власть караханидов была ликвидирована в Баласагуне, где стал править сам гурханЕлюй Даши. Он мог быть непосредственным властелином Чуйской, Таласской, Кочкорской, Суусамырской, Чаткальской долин, а также Иссык-Кульская котловина, в которых обосновалась основная часть киданей. Их потомки до сих пор сохранили свое самоназвание (кара-китай) среди населения Северной Киргизии” деп жазган [2, 300].

Андыктан, Елуй Дашы башында турган кидандардын бийлиги Түндүк Кыргызстанда, ошол эле учурда Чаткал өрөөнүндө кара-кытайлар көп жашаган жерлерде өкүм сүргөн.

Кара кытайлардын өздөрү түрк тилдүү этностук чөйрөгө сиңип кетишкени илимде белгилүү. Түрк тилдүү элдерде, анын ичинде кыргыздарда кара кидандар «кытай», «кыдат» деген ат менен белгилүү болушкан. «Кара» деген деген сөз «көп сандуу», «абдан көп», «сансыз» маанисин туюнткан. Бул энчилүү ат кийинчерээк ханзуларга (бүгүнкү кытайлар) жана алардын мамлекетине (Кытай) түрк тилдүү элдер тарабынан берилген ат катары калыптанып калды. Кыргыздардын курамындагы «кытай», «кара кытай», «сары кытай» этнонимдери орто кылымдарда кыргыздарга келип кирген этнос катары эсептелет. А.К. Кибиров Чаткал өрөөнүндөгү Күлбөсхандын ордосун терең археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп, борбору Ардланкент экенин аныктаган. Археолог Күлбөсхан шаар чалдыбарын изилдөө менен бирге, орто кылымдардагыордонун тарыхына да көңүл буруп, “Кидане (кара кытаи) завладели кыргызскими землями, правда, впоследствии потеряв при этом свою национальную идентичность и растворившись в кыргызском народе. Их потомки до сих пор сохранили свое самоназвание (кара-кытай) среди населения Северной Киргизии” деп жазган [3, 50].

О. Каратаевдин “Кыргыз этнонимдер сөздүгү” аттуу эмгегинде кара кытай – кытай уруусунун курамындагы урук экендигин белгилеп, Ляо мамлекети өз жашоосун токтоткондон соң, батышка чегинишкен кара кытайлар кыргыздар менен бир нече жолу кагылышканын эске алсак, этнокомпоненттин кыргыздардын курамына XI к. кийинчерээк кирген деп божомолдойт [4, 94].

Күлбөсхан жөнүндө маалымат оозеки элдик тарыхта бүгүнкү күндө да жашап келет. Алсак, Чаткал айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Таш айылынын тургуну 74 жаштагы информатор Т.Козубаевдин айтуусуна караганда Күлбөсхан (түбү-теги кытай) Чаткалдык кыргыздарга тынчтык бербей, өтө эзип жибергендиктен кордукка чыдабаган эл Аксылык туугандарынан жардамы менен кара кытайларга каршы согуш жарыялаган. Себеби, илимий адабияттарда белгилегендей кидандар түбү-тегин унутуп, кыргыздарга сиңип кеткенине карабастан, жергиликтүү эл алардын келгин экенин унутушкан эмес. Ошон үчүн, кыргыздар кара-кытайларга каршы көтөрүлүшкөн.

Көпкө созулган кармашуудан кийин кыргыздардын чабуулуна туршутук бере албаган Күлбөсхандын жоокерлери Терс аймагындагы Кедей – Өлдү деген жердин оң тарабындагы кытай жон аркылуу тескей тараптагы Теке-Ташка түшүп, андан ары сүрүлүп, Чаткал дарыясындагыкечүүдөн өтүп, күнгөйдөгү азыркы Миң токумгатоктогон. Миң токумда аябай

чарчаган аттарынын токумдарын токойго таштап, аттарын жайдак минип, Найза токойго түшүп кеткени жөнүндө ушул күнгө чейин эл оозунда айтылып келет. Ошол себептен, ал жер азыр Миң токум деп аталып калган.

"Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" дегендей, убакыт өткөн сайын жергиликтүү эл орто кылымдардагы тарыхый окуяларды унутуп, Миң токумду Миң төкүм деп атап келишет. Бирок, ал жерди Миң төкүм деп атоого анын географиялык түзүлүшү жол бербейт. Миң төкүм деп аташ үчүн жок дегенде Чаткал дарыясына бир нече булак суусукуюп турушу керек. Ошондо гана Миң төкүм деп атаса жарашмак. Ансыз Миң төкүм деп атоо шектенүүлөрдү пайда кылат.

Кийинки топоним Чаткал аймагындаорун алган Найза токой деген жер. Найза токой Миң токумдан кийинкиөзөндө жайгашкан. Ал жердеги суунун аты да найза суусу деп аталат.

Миң токумга аттарынын токумдарын таштап качкан кара кытайлар, кыргыздарды жеңе албашына көзү толук жеткенден кийин гана найзаларын жеңилгендиктин белгиси катары ошол токойго таштап, багынып беришкен. Ошон үчүн, Миң токумдан кийинки өзөн Найза токой географиялык аталышка ээ болуп калган. Андыктан, ал жерлердин Миң токум жана Найза токой деп аталып калгандыгы орто кылымдардагы тарыхый окуяга түздөн түз байланыштуу экендигинде тарыхый чындык.

Ырас, кыргыздарга сиңип кеткен кидандар (кара кытайлар) кыргыз элинин оң канатындагы ар кандай майда уруктарга бөлүнгөн чоң уруу. Ошол себептен, Күлбөсхан кыргыздын кытай уруусунан экендиги тарыхый чындык. Анын кытай уруусунан экендигин жогоруда келтирилген тарыхый фактылар тастыктап турат.

Анализ көрсөткөндөй, илимий адабияттардагы жана эл тарабынан айтылган оозеки тарыхта кидандар жөнүндөгү маалыматтар бекеринен шайкеш келбесе керек. Себеби бул элдер байыркы доорлордо түбү-теги бир эле эл болгон. Ошон үчүн,

Тарыхый жагдайлардын негизинде алар экиге бөлүнүүгө дуушар болушкан. Бирок, орто кылымдарда дагы эле тарыхый кырдаалдарга байланыштуу кайрадан биригүү процесси жүргөн.

Ырас, орто кылымдардагы кидандардын урпактары ушул күндө да Кыргызстандын аймагында гана эмес, Евразия континентинин ар кайсы аймагында өздөрүнүн "кара кытай" деген атын жоготпой сактап келе жатканы тарыхта белгилүү. Ошону менен бирге, кидан элинин өкүлдөрү азыркы учурда деле Чаткал районунун аймагында жашашат. Андыктан, кидандардын Чаткал өрөөнүнө тийгизген таасири илимде шектенүүлөрдү жаратпайт.

**Адабияттар:**


1. Бернштам А.Н. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до монголского завоевания. - 1998. 123-б.
2. История киргизской ССР. том I. - Фрунзе, 1984. - 300-б.
3. Кибиров А.А. Археологические памятники Чаткала. 1950. - 50-б.
4. Каратаевдин О. "Кыргыз этнонимдер сөздүгү. - Б., 2003. - 9-б.
5. Сайф-ад-дин ибн Аксыкент. Тарыхтар жыйнагы («Мажму атут-таворих»). - Бишкек, 1996. - 34-б.


**Рецензент: к.филол.н., доцент Ибрагимов К.**